УДК:92:8.09(575.2)

ТолубаеваЧ.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# М.ЭЛЕБАЕВ – СЫНЧЫ

*Макалада кыргыз жазма адабият тарыхында жазуучу Мукай Элебаев сынчы катары каралып, анын бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпогон адабий сын макалалары тууралуу сөз болду.*

1930-40-жылдарыкыргызсоветжазмаадабиятыкадырэсекалыптануужолунатүшүп, өзэнетилибиздегезит-журналдаржарыккөрүп, булбасылмаларгачыгармачылыкмененалектенгенакын-жазуучулардынчыгармаларыбайма-байжарыялануумenen, жазуучуларкоомудатүзүлүүгөжетишкен. ПадышалыкРоссиянынтолуккөзкарандылыгындаболгонкыргызжергесинин турмушунаОктябрьтөңкөрүшүириөзгөрүүлөрдүжанабардыктарабынанжаныланууну алыпкелген. Кыргызэлиндесоветмамлекетиорногонгочейин «Манас» эпосубаштагaнкөптөгөнэпостору, дастандарыжанабашкаоозекичыгармаларгабайфольклорубузболгонубелгилүү.

Жаңымамлекеттинбашкымаксатыкат-сабатычамалуукыргызэлине, биринчикезекте, маданий-агартууиштеринжүргүзүүжанареволюциянынnегизгиидеологиясыболгонмарксизм-ленинизмидеясынтаратууболгон. Андыктанжаңытелчиккенкыргызжазмасоветадабиятынынaлдындагыжооптуумилдеттердинбирикоммунисттиктүзүлүштүнадабиймайданындагыбашкыкуралысоциалисттикреализмдижайылтуугабагыттандырылган. Адабияткалктынартүрдүүкатмарынынаңсезиминойготуудачоңкызмататкарган. Адегендесабатсыздыктыжоюу, эскининкалдыктары, феодализммененкүрөшүүкүчалуумененсоветбилиминалабаштаганжаштарЛениндикураангaыраазылыкбилдирген «Ленин», «Советмамлекети», «ЖашасынОктябрь», «Жоголсунбайлар» дегентемадагытырмакалдычыгармаларынжаратабашташкан. Ошентип, тунгучакын-жазуучулардынадабий-эстетикалыккөзкараштарытапсезиминде, феодализмгекаршыкүрөшүүмайданындаөнүктүда, адабийтүшүнүгүтайкытурупэлеагитациялык, патриоттукдем-күчтөрүмененгезиттикнегиздеадабияттытүптөөгөкиришишкен.

Адабияттынтарыхындабулжылдарыбиртопакын-жазуучулардынысымыэларасынатарап, кээбирлериатактууболупкалган. Алар: АалыТокомбаев, М.Элебаев, Ж.Бөкөнбаев,К.Маликов, Ж.Турусбековж.б. А.Токомбаевдин «Октябрдынкелгенкези», М.Элебаевдин «Зарыгамын» арбирадамжаткабилгенжанаобонуменenжалпыкыргызжаштарыгимндейэлеырдашкан. Туңгучкалемгерлерадабияттын, маданияттын, журналистиканын, такайтканда, жаңысоветтикдоордунтүптөлүшүнөжанаөнүгүшүнөбардыккүч-аракеттеринсарпташкан. Алар бир эле убакта жазуучу, кабарчы, сынчы, фельетончу да болушкан. Ушуну менен катар эле акын-жазуучулардын чыгармалары адабий талдоого алынып, адабий сын да аздапакырындык менен саясий максатта өнүгө баштаган.

Мындай кыргыз совет адабиятынын жандуу практикасы тууралуу айрым пикирлер анын өзү менен үзөңгүлөш эле жаралганына 20-жылдарда жарыяланган бирин-экин сын-макалалар жана рецензиялар, Т.Жолдошев, М.Дөгдүрөв, К.Рахматуллин, Т.Саманчин, О.Жакишев, Ж.Самаганов сыяктуу акын-жазуучулардын сынчыл аракеттери менен кыргыз адабий процесске активдүү аралашып да, өз алына жараша таасир тийгизип да турган. Ал эми мамлекетте саясий идеологиянын милдети күчтүү болуп, көркөм адабияттын башкы максаты уруучулдук–феодалдык турмуш-тиричилигинин калдыктарына каршы күрөшүү болгондуктан, коомдо өкүм сүргөн тап күрөшүн, байларды жек көрүү, кедей турмушунун гүлдөй баштаган учурун даңазалаган көркөм чыгармалар

биринин артынан бири чыккан. Мындай көрүнүштөр жазуучулардын көркөм адабияттын чыныгы мазмуну турмушту таануу жана сөз өнөрүн чеберчилик менен өркүндөтүп берүү экенине учурунда маани беришпегендигинде жаткан. Анын үстүнө, биринчиден, алардын билим деңгээли саясий идеологияда тарбияланып, экинчиден, аларга үлгү катары таасир берүүчү өз тилибизде көркөм нуска жок болгондуктан, көркөм адабият саясий идеологиянын чегинен чыга алган эмес. Жаңы замандын жарчысы катары Лениндик осуятты чагылдырган чыгармалар жалпы окурмандар тарабынан кызуу кабыл алынып, колдон түшпөй окулган. Мындай шартты окумуштуу К.Асаналиев: «Ушинтип туш тарабы өзүнөн өзү уюштурулуп, чыгарма жазууга, китеп чыгарууга кенири мүмкүнчүлүктөр ачылып жатса, адабий ишмердикке киришкен эң биринчи муундун өкүлдөрү «пролетарчыл акын» деп аташканы түк да таң калаарлык эмес, алар ак дилинен, терең ишениминен ошентишкен. Ал турмак, эмне үчүн пролетарчыл, эмне үчүн башкача эмес, бул түшүнүк өзү кайдан чыкты, буга ой жүгүртүп, маани да беришкен эмес. Ушул атакка, «пролетарчы акын» деген атка кызмат кылгандай элебаш-оту менен кирип жана кыргыз жазма адабияты нечендеген тарыхый шарттарды, миндеген жылдарды камтыбаган табигый жол менен жаралбастан, а «Жалпы Союздук Жазуучулар Союзун толук түрдө кайталаган улуттук жазуучулар союзу жаралат» - дейт. Андыктан туңгуч калемгерлерибиз өз чыгармаларын коммунисттик идеологиянын ураанын чакырган үгүт-насыяттары менен акын - жазуучу аталып, адабиятка эмес, жаңы идеяга кызмат кылган жазуучулар Союзунун түптөлүшүнөн улам болгон.

Жаңы замандын идеологиясынын башкы максаты лениндик-сталиндик урaанды урматтоо менен партиянын кызматын прапагандалоо болгондуктан, жалпы кыргыз совет адабиятынын мейли прозада, мейли поэзияда, адабий-көркөм сындын башкы максаты, айтайын деген тилеги-каалоосу социалисттик идеологияны чагылдыруу болгон. Ошол 1930-40-жылдарда кадыр эсе калыптанып жандана баштаган кыргыз совет профессионал адабиятыбыздын өкүлдөрүнүн чыгармаларын сын көз караш менен талдоодо советтик идеологиядан бөлүп кароо закон ченемдүү көрүнүшкө жатпай калат. Сөзсүз түрдө соцреализмдин негизинде советтик идеология менен бирдикте кароодо акыйкат-адилет ой жүгүртүүнү ал учур талап кылат. Бирок ошентсе да адабиятка болгон мамиледе жазуучу Мукай Элебаев ошол кезден айырмаланып, адабиятка астейдил мамиле кылууга чакырган. Сүрөткер ошол учурдагы сынчылардан айырмаланып, адабияттын теориялык маселелерин көтөрөт. Өзүнүн көз караштарын далилдеген бир канча адабий сын макалаларды жазат. Жазуучунун сын макалаларын окуп отуруп, 30-40-жылдар аралыгындагы адабиятты курчаган саясий учурда калемдештеринен болуп көрбөгөндөй адабий көркөмдүктү талап кылаганын көрөбүз.

Керек болсо, сүрөткер ошол учурда жоого каршы аттанган жалгыз жоокердей эле адабият үчүн бар күчүн, мээнетин сарптаган. Мукай Элебаев жазуучулар сьездинде, чогулуштарда бетке айтма принцибинен кайткан эмес, «жазуучу деген барып турган эмгекчил, чыдамдуу, последовательный киши болуу керек. Эгер бир жазуучу качан да болсо керт башынын кызыкчылыгын коомдук иштен жогору кое турган болсомындайдын күнү караан. Мындай адам бирин-серин боюна бүткөн талантын опосуз ишке жок кылуу менен катар коомго келтирер пайдасы да чамалуу» - дейт «Адабият оюнчук эмес» аттуу макаласында. Ал макалаларында жазуучулардын чыгармалары көркөм чеберчилигине, жазылыш стилине, мазмун формасына карата бааланбастан, адамдын өзүнүн керт башына коомдо ээлеген ордуна байланыштуу бааланаарын айтып, далай сын макалаларын жазат. Ал жазуучуларга берилген сынды алар туура кабыл албастан беделинин түшүшү катары кабыл алып, кайра өзүнө каршы сын жазылаарын да белгилеген. Бирок Мукай учурдан коркпостон, жазуучулардын көңүлүнө караган эмес. Ал ар дайым акын-жазуучулардын чыгармачылыгын сындоо менен чыгармачылыктарына жардам көрсөтүп жатканын айткан. Бирок, тагдырга жараша, ошол заманда, ошол мезгилде калемдеш-замандаштары анын ой пикирлерин туура түшүнүп, чыгармачылык мааниде кабыл алышкан эмес.

Жазуучунун адабий сындарындагы курч калемдүүлүгү аны адабияттагы саясий кысымга туш келтирген. Жазуучулар коомунда орун алган жеңил-желпи саясий ырлар басма беттерде жамгырдан кийинки козу карындардай окшош саясий чыгармалардын көптүгүн жана мындай көрүнүштөр жазуучулардын көркөм адабиятка жеңил мамиле кылгандыктарынан, отура калып эле поэма, чон-чоң чыгармаларды бат жазылып, бат чыгышында, так айтканда, жазуучулук өнөр үйрөнчүк эле кесипке, соодага айланып баратат деп чыркыраган.

Адабияттын агымы мындай деңгээлде бара жаткандыгы тууралуу жазуучу К.Маликов төмөндөгүдөй эскерет: «1931-жылдын январь айынан баштап бир жагынан иштемек болуп «Кызыл Кыргызстан» газетасынын аппаратына алынып, экөөбүз эки бөлүмүн башкарып калдык (Ж.Бокөнбаевди айтып жатат-белгилеген-Ч.Т.), газет сайын макалаларды шарт-шурт жазып таштайбыз. Бизди «кой–ай» деген киши жок, ырды канча кааласак, ошончо жазып, газетага канча болсо, ошончо басып жатабыз. Аялдардын майрамы (8-март) жакындап калды. Кызмат убактысында сүйлөшө калдык. Ал ыр жазмак болду, мен аңгеме жазмак болдум. Качан бүтөрүбүздү айтышканыбыз жок. Эртеси эртең менен кызматка келгенде акырын портфелин ачып туруп: «Жибек саамай»,- деп колдур этип койду. Көрсө, ошол түнү эки саатча отуруп «Жибек саамай»деген поэма жазып салган экен. Бир жазган бойдон эч түзөтүүсүз бизге окуп берди. Ошол бойдон «Жибек саамай» басмага чыгып кетти», -деп жазган. Жогоруда макаланын башынан эле сөз кылып жатканыбыздай, совет жазуучуларынын чыгармачылыгы жаңы заманды үгүттөп, алардын ой-тилегин коомдук максатта ишке ашыруу аракетинде болуу менен, адабияттын жалаң ураан астында түзүлүшү да ушундан улам болгон. Мунун себеби, биринчиден, мамлекеттин талабы, экинчиден, адабий сындын талабы, үчүнчүдөн, акын жазуучуларга фольклорубуздан башка үлгү болчу көркөм чыгармалардын жоктугу жана алардын билим деңгээли да ошол учурга туура келген. Кезегинде алар ар бир жазган чыгармачылык иштерине ыраазы болушуп, өздөрүн коомдун идеяларын алып жүрүүчүлөр катары санашкан. Ал эми адабият жеңил-желпи нерсеге айланып баратканын жазуучу жазган ар бир сын макаласында белгилеген. А түгүл, ошол мезгилдин мыкты сынчысы М.Дөгдүрөвдун «Сатсыйалчыл реализм тууралуу» деген макаласында: «Көркөм адабият - идеологиянын бир түрү, пролетарчыл, кеңеш көркөм адабияты эмгекчилер көпчүлүгүн идеа майданында тарбиялоочу күчтүү куралдын бири. «Жолдош Сталиндин»Жазуучу адамдын жанын куруучу инженер» деп айткан сөзүнүн терең мааниси ушунда.

Адабият майданында биздин алдыбызга социализмди, тапсыз социалчыл коомун куруп жаткан улуу доорубуздун идеасы туруктуу, көркөмдүгү жогору турган ачык чын көркөм адабияттын түзүү милдети турат. Мындай адабиятты түзүү үчүн акын-жазуучулар өздөрүнүн чыгармачыл иштеринде саясатчыл реализмдин ураанын туура түшүнүп, анын методун колдонуп жана ээ болуулары тийиш», - деп таамай белгилегендей, учурдун адабий сыны чектелүү эле. Ошондуктан кооз ураан чакырыктарды чакырып, пропогандалаган адабият коомдук шарт менен чектелген.

Ушундай багытта бара жаткан адабияттын чыныгы маңызын жазуучу-сынчы М.Элебаев кантип билди, ал деле совет акыны, зарлап жүрүп көксөгөн окуусуна, ой-тилегине совет мамлекетинин жардамы аркылуу жетти. Ал деле идеологиянын кулу болду. Лениндик ураанды чакырган далай чыгармаларды жазды.

«Мезгилинен озгон күлүк» деп профессор Советбек Байгазиев белгилегендей, Мукай өз доорунан, учурдан адабияттын маанисин эрте түшүнгөн. Адабият совет жашоосун даңазалаган кургак агитациядан эле турбастан, чындыкты чагылдыруудан тураарын айтып, далай чыркыраган. Жаш жазуучуларга кажыбас мээнеттин аркасында, изденүүнүн аракетинде, турмушту жакшы билүү менен чындыкты көркөм чагылдыруу керектигин далай айткан. Жөн эле кургак бир нерсени үстүртөдөн берип салбастан, турмуштун чындыгын ажыратып жана анын кубаныч-кайгысын сезип, андан кийин ошонун баарын

окурманга жеткиликтүү тил менен чагылдыруу баалуу экендигин билдирген. Анын көркөм адабиятты мындай кабыл алуусу, биринчиден, тубаса сүрөткерлик таланты, экинчиден, изденүүчүлүк, башка элдердин адабиятын окуган эмгегинин аркасында болгон. Жазуучунун адабиятка астейдил жасаган мамилесин жыйырманчы кылымдын залкар жазуучусу Т.Сыдыкбеков: «Ал көп мисалдарды келтирип, өзүнүн баамында биздин акын-жазуучулардын жеке өмүр жашы тажрыйба өнүктүрүү жагынан жаштык кылышпастан, алардын али жазуучулук кесипке үстүртөн жеңил карашканын, чеберчиликти өздөштүрүүнү аз үйрөнгөндөрүн айтып өкүнүп, күңгүрөнүп калчу. «Жаңы ыкманы кээ бирөөлөр экилентип жүрүшөт. Ыкманы мазмундан бөлүп издештин кереги жок. Адабият күндө бир моданы тандаган экилүү келинчек эмес!» - деген пикирлерин укканымда, чынын айтсам, Мукай менин көзүмө жанылыкты танып жаткан кишидей болуп көрүнчү. Анын кайсы бир пикирлери мага жакпагансыйт. Ал өзүнөн мыкты акынды көрө албай жаткансып сезилчү», - дейт. Мына, жазуучунун замандашы кезегинде анын адабий талаптарын түшүнгөн эмес.

Деги эле ошол 1930-40-жылдар аралыгында адабий сын чектелүү болуп, саясий идеологиянын кызматына багытталган. Чыгармачылык эле эмес, жалпы сөз өнөрү менен алектенген кызматкерлердин адабий билими тайкы жана ал билим жаңы мамлекетти курууга багытталгандыктан, максаты саясий идеологияга баш ийүү жана аны жайылтуу болгондуктан, ал учурдун талабына жооп берип туруу керек эле. Ошондуктан замандаш-калемдештери Мукайдын учурдун талабынан озунган көрөгөчтүгүн ошол кезде түшүнө алышкан эмес. Бирок ар бир окурманды ойлондургандай, Мукай социалисттик идеология гүлдөп жаткан мезгилде мындай адабий бийиктикке кантип жетти.

Мукай көксөгөн окуусуна жетип, кат-сабатын эле ачып тим болбостон, тубаса шык жөндөмүн өрчүтүп, акындык, жазуучулук шыгын өркүндөткөн. Ал бала кезинен эле сезимтал, көрөгөч, туюп билүүсү бар, ошондой эле өжөр, тырышчаак, көздөгөн максатынын аягына жеткен адам эле. Анын мындай өжөрлүгү, тырышчаактыгы көп окуп, изденүүгө, алдыга умтулууга жана чыныгы адабияттын маанисин калемдештеринен эрте түшүнүүгө түрткү берген. Анын мындай көрөгөчтүгүн калемдештери эскерүү макалаларында:Оңой менен ачылып сүйлөбөйт. Дайым колтугунда китеп, китептин ичинде эски калың дептери, бир колунда тоголоктой кармаган газета, көбүнчө бир жагына кыйшайып бир нерсе окуп, көзүн сүзүп шыбырап акырын сүйлөйт. Качан сүйлөбөсүн, кайда сүйлөбөсүн, жан-жагына байкаган адамга азыраак сүйлөп, көбүрөөк ойлонуп тургандай элестейт.

Педтехникумда ар күнү кечинде келип бүткүл студенттер сабактарын бышыкташат. Мукайдын бир партага жалгыздап жаагын таянып алып күбүрөп окуп отурганы көбүнчө Пушкиндин, Лермонтовдун, Некрасовдун, Гоголдун жана башка классиктердин чоң–чоң томдору болор эле», - деп замандашы К.Маликов эскерген. Табиятынан бөтөнчө жаралган Мукайдын билим алып, кат сабатынын ачылышы жана өзүнүн денесине сиңген билим деңгээли анын дагы далай изденүүсүнө, көп окуусуна түрткү берген. Ал орус адабиятын эле окуп тим калбастан, чет эл адабиятын да өздөштүргөн. Дүйнө адабияты, маданияты, тарыхынан кабардар болгон жазуучу ар дайым изденүү үстүндө жүргөн. Көп окуп, көп изденген адам адабиятты, жазуучулук өнөрдү терең түшүнүп жана да баалай сындай ала алган шык жөндөмү менен чыныгы адабиятты жаратууга аракет кылган. Адабият тарыхында бүгүнкү күнү, келечекте да өз маанисин жоготпогон сын макалаларды жазган. Анын адабий-сын макалалары кезегинде 1934-1941-жылдар аралыгында «Ленинчил жаш», «Кызыл Кыргызстан»газеталарына жана «Ала-Тоо» журналына жарыяланган. Ушул жерден окумуштуу О.Соороновдун: «Ооба, Мукай Элебаевдин өзү көркөм адабият аңызында таңдан кечке кадалып, карышып иштеген кара жумушчу болгон эмгегинин ошол аңыздан тапкан жемишинин баасын билген. Бардык нерсе эмгектен көрк аларына ынанган, көзү жеткен адабиятчы болгон.Ошону (эмгектин баасын) өзүнөн башка каламдаштары, алардын артынан келаткан жаштар да билсин, бааласын, эмгектен үзүр

алсын деп ак ниетинен каалап, көркөм чыгармалардан сырткары, адабиятты таанып билүүгө, анын көркөм сынына да, жогоруда айтылып өткөндөй, көп көңүл бөлүп, зор эмгек жумшаган.

Ошондуктан отузунчу жылдардагы кыргыз адабий сынын Мукай Элебаевсиз элестетүү таптакыр мүмкүн эмес», -деп адилет белгилегендей, жазуучунун кыргыз адабияты үчүн жасаган эмгегин-сынчылык жагын көрсөткөн үчүн маанилүү пикир экенинде күмөн жок. А түгүл кайра О.Соороновдун пикирине таянуу менен М.Элебаевди кыргыз жазма адабият тарыхында туңгуч сынчынын бири катары кароого шарт түзөт.

Жазуучу ар бир макаласында Гете, Шиллер,Гейне, Толстой, Бальзак, Пушкин өңдүү дүйнөлүк классиктердин өмүрү өткөнчө эмгек кылышканын, Гетенин өлөргө жети күн калганча кадимкидей эмгек кылганын мисал келтирүүдөн тажаган эмес. Ал Гетенин: «Кээ бир жаш акындар өзүлөрүнүн жазып жүргөн ырларына каниет кылып, жакшы иштеп жүрөм деп ойлойт. Качан адабияттын ички секретин түшүнгөн кезде, ошолор канчалык өмүрү сая кеткенине өкүнүшөт. Ал эми кээ бирлери муну такыр түшүнүшпөйт да, өмүр бою жарым-жартыдай гана кунсуз бирдемени иштеп кетет», - деп айтканын эстен чыгарбоо керектигин дайым эскертет. Гетенин көз карашын белгилеп, анын теориясына терең маани берип, чыгармачылыкта колодоно билген жазуучу калемдештерине кеңеш берет.

Пикирлерди туура тушүнгөн чыгармачыл адам сөзсүз аны колдоно да билет эмеспи. Ушул сыяктуу кээ бир жазуучулар кийин өткөн жазгандарына ой жүгүртүү менен карап, чыгармачылык өсүш алганда андай эмгектери үчүн ойлонбой кое албайт. Мукайдын замандашы, кыргыз адабиятын түптөөгө чоң салым кошкон акыныбыз Жоомарт Бокөнбаев өмүрүнүн акыркы жылдарында жубайы Тенти Адышевага: «Мен мурун адабиятка көп түшүнбөй элежазып жүргөн окшойм. Чынында, кандай жазышты эми гана түшүнүп жүрөм. Ар ким өзүнүн стилин, жолун табыш керек. Мындан ары башкача жазам», -деп айткан экен. Арийне, учур, жазуучулардын билим деңгээли ошол убакта Элебаевдин көз караштарын туура кабыл алууга жол берген эмес. А түгүл, жазуучунун жеке чыгармачылык керт башына кедергисин тийгизген. Бирок жазуучунун өмүр-жолу кыска болгон менен, анын чыгармачылык жолу узак деп айтсак жаңылышпасбыз.

Кезегинде дүркүрөгөн кол чабуулар менен кабыл алынган алгачкы чыгармаларыбыз ошол доор менен эле калды десек болот. Ар бир жазылган чыгарма убакыттын өтүшү менен талдоодон, окурмандык иргөөдөн өтүп, өз баасын алат. Ошол сыяктуу сүрөткери Элебаевдин прозалык чыгармачылыгы окурмандын жана илимий изилдөөнүн обьектиси катары өзүнө көңүл бурдуруп келет. Анын кыска жазылган аңгемелери жана «Узак жол» романы түбөлүгү түптүү чыгармалардан деп айтсак жаңылышпайбыз. Ошондой эле анын адабий сын-макалалары бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпостон, жаш акын - жазуучуларга кеңешчи катары кызматын арта берет.

Адабияттар:

1.Асаналиев К.Көркөм нарк:-Фрунзе: Кыргызстан,1988.-234б.

2.БайгазиевС. Жазуучунун чыгармачылык индивидуалдуулугун мектепте үйрөтүү. Мукай жана Жусуп. –Бишкек, 1993.-80б.

3.Маликов К.Замандаштарым жана каламдаштарым. – Фрунзе, 1964.-182б.

4.Сыдыкбеков Т. Мезгил сабактары. –Фрунзе, 1982.-424б.

5.Элебаев М. Жарыяланбаган чыгармалар.–Фрунзе, 1990. -320б.